Үйүңөрдү көрүстөндөй кылып албагыла. Чынында, Бакара сүрөөсү окулган үйдөн шайтан качат

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Үйүңөрдү көрүстөндөй кылып албагыла. Чынында, Бакара сүрөөсү окулган үйдөн шайтан качат".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйдө такыр намаз окубай, аны намаз окулбай турган кабырга окшотуп алуудан тыйган. Андан кийин Бакара сүрөөсү окулуп турган үйдөн шайтан качып чыгары тууралуу кабарлаган.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/6208